**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЧҮЙ ОБЛУСУ**
**ЧҮЙ РАЙОНУ**
**АК-БЕШИМ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЧУЙСКИЙ РАЙОН**
**АК-БЕШИМСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**

---

Ак-Бешим айылдык кеңешинин I-отуруму

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

2023-жылдын 19-январындагы №5-т

**Улуттук тазалык күнү жана 2023-2025-жылдар мезгилине тиричилик калдыктарын иштетүү боюнча натыйжалуу инфраструктура түзүү боюнча иш аракеттер планы жөнүндө**

Ак-Бешим айылдык кенешинин 1-отурумунда катышкан депутаттар Ак-Бешим айыл өкмөтүнүн башчысынын маалыматын угуп жана талкуулап төмөндөгүдөй токтом кабыл алды.

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин “Улуттук тазалык күнү жана 2023-2025-жылдар мезгилине тиричилик калдыктарын иштетүү боюнча натыйжалуу инфраструктура түзүү боюнча иш аракеттер планы жөнүндө” 2022-жылдын 6-сентябрындагы ПЖ №305 Жарлыгын аткаруу максатында:
   - Ак-Бешим айыл өкмөтүнө караштуу Ак-Бешим, Жаңы-Жол, Калыгул айдарынын айыл башчылары коомдук уюмдарды, ыктыярчыларды жана жарандарды тартуу менен ар бир айылдардагы мектептерге, жана бала-бакчага ээлеген жана аларга бекитилип берилген участоктордо, ошондой эле көчөлөрдө жана короо аймактарында талаптагыдай санитардык абалды жана тартипти камсыз кылуу максатында тиричилик калдыктарын тазалоо боюнча иш-чараларды уюштурсун.

   2.Айыл аймактарда таштандыларды туура эмес жерлерге чыгарууну көзөмөлгө алууну ар бир айылдардын айыл башчыларына тапшырылсын.

   3. Айыл аймагын көрктөндүрүү, жашылдандыруу, тазалыкты жана тартипти сактоо эрежелерин иштеп чыгуу үчүн айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинен акча каражатын кароо айыл өкмөтүнүн башчысы Б.М.Абдырасуловка тапшырылсын.

   4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңештин бюджет боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага А.Ж.Наматбеков